Азыркы учурда кыргыз тилиндеги аныктоочтун структуралык-семантикалык белгилерин мүмкүн болушунча кеңири жана терең иликтөө, аныктооч категориясына байланыштуу жалпы жана жеке маселелерге илимий мүнөздөмө берүү келечектин маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Абдыкалыкова А. Касым Тыныстанов жана кыргыз тил илиминин айрым маселелери: фонетика, морфология жана терминология. Монография. – Бишкек, 2003. – 160 б.
2. Абдыкалыкова А. А. К. Тыныстановдун эмгектеринде кыргыз тилинин теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2016.
3. Абдыкалыкова А. А., Мамбетова Р. Р. Кыргыз тил илиминин башаты: И. Арабаев, К. Тыныстанов, Т. Актанов. – Бишкек, 2024.
4. Актанов Т., Бакеев К. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1935.
5. Актанов Т. Грамматика. II бөлүк. Синтаксис: педагогикалык окуу жайлары үчүн. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1940.
6. Актанов Т., Макешев Н., Бакеев К. Кыргыз тилинин синтаксиси: толук эмес орто жана орто мектептер үчүн. – Оңдолуп үчүнчү басылышы. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1941. – 2-бөлүк. – 132 б.
7. Актанов Т., Макешев Н., Бакеев К. Кыргыз тилинин грамматикасы. II бөлүк. Синтаксис. – 6-басылышы. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1947. – 166 б.
8. Аттокуров А. Кыргыз тилинин синтаксиси: айкындооч мүчөлөр. – Ош, 2006.
9. Жапаров А. Кыргыз тилинин грамматикасы. II бөлүк. Синтаксис: педагогикалык окуу жайлары үчүн. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1951. – 223 б.
10. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1936.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Мурзалиева А.Ш.

УДК:165.9. (575.2) (043.3)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-42-49

Абдразакова Г. Ш.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Абдразакова Г. Ш.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Abdrazakova G.Gh.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0000-0003-4548-4515

СӨЗ МЕНЕН КОНЦЕПТТИН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ
СХОДСТВА И РАЗЛИЧИЯ МЕЖДУ СЛОВОМ И КОНЦЕПТОМ
SIMILARITIES AND DIFFERENCES BETWEEN WORD AND CONCEPT

Кыскача мүнөздөмө: Макалада сөз менен концепттин окшоштуктары жана айырмачылыктары каралат. Бул маселени аныктоодо илимий-теориялык жана методологиялык изилдөөлөргө таяныч жасалган. Сөз да, концепт да атоо касиетине ээ экендиги белгиленет. Сөз тилдик системанын иерархиялык деңгээлдеринин бир бөлүгү катары лексикологиянын жана семасиологиянын изилдөө объектиси болсо, концепт адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү жана дүйнө таанымы аркылуу уюшулган менталдык-когнитивдик түзүлүш катары мүнөздөлөт. Макалада сөздүн мааниси жалпыга түшүнүктүү жана объективдүү мүнөзгө ээ экени, ал эми концепттин мазмуну индивидуалдуу, менталдык жана

когнитивдик мүнөздө болору көрсөтүлөт. Концепт адамдын элестөөсү жана кабыл алуусу менен байланышкан кубулуш катары, ошондой эле тилдик каражаттар аркылуу туюнтулган дүйнө таанымдык бирдик катары каралып, когнитивдик лингвистиканын изилдөө объектиси экендиги белгиленет.

Аннотация: В статье рассматриваются сходства и различия между словом и концептом. При раскрытии данной проблемы автор опирается на научно-теоретические и методологические исследования. Отмечается, что и слово, и концепт обладают номинативной функцией. Если слово как часть иерархической системы языка является объектом изучения лексикологии и семасиологии, то концепт представляет собой ментально-когнитивную структуру, организованную через сознание, мышление и мировоззрение человека. В статье показано, что значение слова имеет общепонятный и объективный характер, тогда как содержание концепта отличается индивидуальностью, ментальностью и когнитивной природой. Концепт рассматривается как явление, связанное с представлениями и восприятием человека, а также как мировоззренческая единица, выражаемая языковыми средствами и являющаяся объектом изучения когнитивной лингвистики.

Abstract: The article examines the similarities and differences between the word and the concept. In addressing this issue, the author relies on scientific-theoretical and methodological studies. It is noted that both the word and the concept possess a nominative function. While the word, as part of the hierarchical system of language, is an object of study in lexicology and semasiology, the concept is characterized as a mental and cognitive structure organized through human consciousness, thinking, and worldview. The article shows that the meaning of a word is generally understandable and objective, whereas the content of a concept is individual, mental, and cognitive in nature. The concept is considered both as a phenomenon connected with human representations and perception and as a worldview unit expressed through linguistic means and studied within cognitive linguistics.

Негизги сөздөр: сөз; концепт; когнитивдик лингвистика; билим; тааным; аң-сезим; түшүнүк; образ; символ; менталдык бирдик.

Ключевые слова: слово; концепт; когнитивная лингвистика; знание; когниция; сознание; понятие; образ; символ; ментальная единица.

Keywords: word; concept; cognitive linguistics; knowledge; cognition; consciousness; notion; image; symbol; mental unit.

Кыргыз тил илиминде лингвокогнитивдик аспектиде каралуучу «концепт» терминин табиятын жана анын изилдөө объектиси катары өзгөчөлүктөрүн аныктоодо бир катар көйгөйлөр сакталууда. Алардын негизгилеринин бири – «концепт» терминин «сөз», «түшүнүк» сыяктуу терминдер менен синонимдик мааниде колдонулуп, алардын ортосундагы жалпылыктар менен айырмачылыктардын так ажыратылбай келиши болуп саналат. Ушуга байланыштуу сөз менен концепттин өз ара байланышын, жалпылыктарын жана айырмачылыктарын илимий-теориялык жана методологиялык негизде тактоо зарылдыгы келип чыгууда.

Сөз атоо касиетине ээ болгондой эле, концепт да атоо касиетине ээ. Экөө тең семантикалык түзүлүш болуп эсептелет. Бирок концепт сөздөн эмнеси менен айырмаланат? Эмне үчүн ал тилдик эмес, лингвокогнитивдик кубулуш катары каралат? Сөз менен концепттин окшоштуктары жана айырмачылыктары эмнеде? Бул маселелер кыргыз тил илиминде бүгүнкү күнгө чейин талаш-тартыштарды жаратып келген жана толук чечимин таба элек илимий көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Аталган маселени тактоо максатында сөз менен концепттин жалпылыктары жана концепттин өзгөчө белгилери төмөнкүдөй салыштырылат.

Таблица 1. Сөз менен концепттин окшоштуктары

Лексикалык бирдик – сөз	**Когнитивдик бирдик – концепт**
Семантикалык түзүлүш	Семантикалык түзүлүш
Түшүнүк	Түшүнүк

Лексикалык түшүнүк	Лексикалык түшүнүк
Денотат	Денотат
Коннотат	Коннотат
Сөздүн мааниси	Сөздүн мааниси
Тилдик система менен байланыштуу	Тилдик система менен байланыштуу

2. Концепттин өзгөчө белгилери

Концепт сөздөн төмөнкү белгилери аркылуу айырмаланат:

1. субъекттин аң-сезими, элеси, образы жана ой жүгүртүүсү менен байланышкан менталдык түзүлүш болуп саналат;
2. менталдык бирдик катары таанымдык маалыматты сактайт жана уюштурат;
3. кептик ишмердикте сөздүн ички маңызын, мазмундук негизин ачып көрсөтөт;
4. тилдик мааниден тышкары элдин маданий-тарыхый тажрыйбасын, дүйнөтаанымын, каада-салтын, үрп-адатын, стереотиптерин, архетиптерин, символдорун жана башка маданий маалыматтарды камтыйт [1, 17-б.; 2, 18-б.].

Жогорудагы сөз менен концепттин октоштуктарын жана айырмачылыктарын көрсөтүп турган белгилик критерийлерге көңүл бурсак, экөөнүн ортосунда айырмачылык көп байкалбагандай туюлат. Мындай шартта лексикалык бирдик сөз менен концепттин жалпылыгын жана айырмачылыгын аныктоого өтөбүз. Демек, сөз да, концепт да атоо касиетине ээ. Сөздүн мааниси жалпыга бирдей түшүнүктүү объективдүү кубулуш [3]. Ал эми концепттин мааниси жалпыга бирдей эмес, менталдык мүнөзгө ээ жеке жана улуттук аң-сезимдин чегиндеги когнитивдик кубулуш [4, 85-91-б.] Сөз кандайдыр бир түшүнүктү билдирип тиешелүү мааниге ээ болот да, концепттин тутумуна кирет. Концепт, эң алды, тилдеги сөздүктөр аркылуу түшүндүрүлүп, түшүнүк (атоо) жөнүндөгү жеке жана жалпы билимдерди талдоого алат. Орустун тилчи-окумуштуусу Д.С.Лихачёвдун пикирине таянсак, «концепт деп сөздүн өзүн гана атоого болбойт, ар бир сөздүн сөздүктөгү маанисинен улам аныкталат да, ал жөнүндө көптөгөн билимдер изилдөөгө алынат. Анын ою боюнча, концепттерде сөздөрдүн кошумча маанилери иликтенет» [5, 287-294-б.]. Концепт да, сөз да кандайдыр бир нерсенин атын атаганда адамдын көз алдына, аң-туюмуна тартылуучу алгачкы элести туюндуруучу номинативдик мааниге ээ. Бирок концепт жеке же улуттук өзгөчөлүктөрдү камтыган терең мазмунга ээ аң-сезимдеги менталдык бирдик. Адамдын кабыл алуу элестөө, ой жүгүртүү ишмердиктери менен байланышта болот. Ошого жараша концепт структуралык бөтөнчөлүктөргө (маселен, фрейм, сценарий, скрипт, гештальт, ядро, периферия, архетип ж.б.) ээ болот. Сөз тилдик системанын баскычтарынын бир бөлүгү болгон лексикологиянын, семасиологиянын изилдөө объектиси болсо, концепттин борбордук жана жакынкы перифериялык бөлүгү лексикологиянын, семасиологиянын изилдөө объектиси болуп эсептелген сөз-атоо сыяктуу талдоого алынат [6, 23-б.]. Сөз маанилеринин карым-катышы каралып, синоним, антоним, омонимдерге, полисемия өңдүү тилдик кубулуштарга кайрылуу керек болот. Тилдик бирдик сөздү лексикология изилдесе, сөздүн маанилерин семасиология изилдейт да, экөө бирин бири толуктап, биринин маанисин экинчиси ачып берүүдө жардамга келип, өз ара карым-катышта болуу менен, семантикалык талааларды аныктоого басым жасалат. Булар концепттин борбордук жана жакынкы жакабелдик (перифериялык) түзүлүштөрүндө каралат. Аталган жагдайлар сөз менен концепттин окшоштуктары жана жалпылыктары болуп эсептелет. Ал эми концепттин алыскы же четки перифериялык бөлүгү аркылуу туюндурулган маалыматтар сөздөн концептти айырмалап турган өзгөчө билимдерди иштеп чыгууга шарт түзөт.

В.Н. Телиянын пикирине таянсак, концепт — фреймде түзүлгөн билимдердин жыйындысы. Ал объекттин жөнөкөй белгилерин гана чагылдырбастан, ошол объект жөнүндө белгилүү бир жамаатта калыптанган билимдер менен да толукталат [7, 96-б.]. Башкача айтканда, концепт белгилүү бир индивиддин, социалдык топтун же улуттун дүйнөтаанымы аркылуу иштелип чыккан түшүнүктөрдү, каада-салт жана үрп-адаттарга байланыштуу маалыматтарды, алардын тилдик каражаттар аркылуу туюндурулушун, паремияларды, ар кандай стилдеги тексттерди жана башка материалдарды камтыйт.

Мындай материалдарды талдоо аркылуу жеке жана улуттук дүйнөтаанымдын негизиндеги билимдер системасы ачып көрсөтүлөт.

Н.Д. Арутюнова да бул көз карашка жакын пикир билдирип, концепттерди «улуттук каада-салт жана фольклор, дин жана идеология, турмуштук тажрыйба жана искусство образдары, сезимдер жана баалуулуктар системасы» менен байланышта карайт [8, 3-б.]. Ал эми М.В. Пименова концептти «индивидуалдуу элестөөлөрдүн, түшүндүрүүлөрдүн когнитивдик белгилери менен татаалдашкан улуттук образ, идея, символ» катары аныктайт [9, 9-б.].

Демек, концепт лексикологиянын изилдөө объектисинин чегине гана сыйбаган, кеңири мазмундук көлөмгө ээ болгон татаал кубулуш болуп саналат. Ал белгилүү бир индивидге, социалдык топко, урууга же улутка тиешелүү дүйнөтаанымды тилдик фактылар жана материалдар аркылуу чагылдырган, өзгөчө жана жалпы билимдерди камтыган комплекстүү менталдык-когнитивдик жана лингвистикалык бирдик катары мүнөздөлөт.

Концепт — адамдын аң-сезими, ой жүгүртүүсү жана дүйнөтаанымы аркылуу уюшулган менталдык-когнитивдик түзүлүш. Когнитолог окумуштуу Дж. Лайонздун аныктамасы боюнча, «концепт деп акылдын жардамы менен курчап турган дүйнөнү таанып-билүүгө же түшүнүүгө багытталган ой, элестөө же менталдык түзүлүштү түшүнүүгө болот» [10]. Демек, концепт, биринчиден, адамдын элестөөлөрү жана кабылдоосу менен байланышкан кубулуш болсо, экинчиден, тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган дүйнөтаанымдык бирдик болуп саналат. Ошондуктан ал когнитивдик лингвистиканын изилдөө объектиси катары каралат.

Тил илиминде бул жаңы түшүнүккө кайрылуу «маани», «маанилүүлүк» түшүнүктөрүн бир аз башкача өңүттөн кароого шарт түздү. Азыркы учурда «маани» түшүнүгүн салттуу чектен чыгарып кароо жана Л. Витгенштейндин теориясына, ошондой эле А.А. Потебнянын айрым идеяларына таянган «маани — бул колдонуу», «канча колдонуу болсо, ошончо маани» деген жоболордун актуалдашуу тенденциясы байкалууда [11, 28-б.]. Башкача айтканда, жалпы жана жеке тил илиминде «сөз», «маани», «түшүнүк» терминдеринен айырмаланган «концепт» термини кеңири колдонула баштады.

Адатта «концепт» термини «маңыз» термини менен байланышта каралып, менталдык түшүнүктүн мазмунун билдирет. Сөздүн мааниси — белгилүү бир тилдин нормаларына ылайык калыптанган жана байланыштар системасын түзгөн лексикалык бирдиктин мазмуну болсо, концепт — менталдык белгилерге ээ болгон өзгөчөлөнгөн түшүнүк. Р. Павилёнистин пикири боюнча, «концепттер — пикирлердин жана билимдердин когнитивдик базалык подсистемасын түзгөн маңыздар» [12, 240-б.].

«Концепт» термини алгач англис тилдүү авторлордун эмгектеринен орус тилине которулуу аркылуу илимий жүгүртүүгө кирген. Бул термин төмөнкүдөй маанилерди камтый тургандыгы белгиленет: conceptual representation — «семантикалык түшүнүк» («семантическое представление»), conceptually based — «семантикалык багыт алган» («семантически ориентированный»), conceptual dependencies — «маңыздык байланыштар» («смысловые связи»), ал эми conceptus — «маңыздык элементтер» («смысловые элементы») [11, 27-б.].

Биздин пикирибиз боюнча, сөздүн лексикалык маанисине гана таянып, аны концепт деп атоого болбойт. Концепт сөздүн өзүндө түздөн-түз камтылбайт; ал сөздүн сөздүктөгү мааниси менен элдин же жеке адамдын турмуштук тажрыйбасынын өз ара карым-катышынан келип чыккан түшүнүк катары калыптанат. Башкача айтканда, концепт — белгилүү бир субъекттин аң-сезими аркылуу иштелип чыккан, менталдык мазмунга ээ жана маалымат алмашуу процессинде туюндурулган түзүлүш.

Концепттин структурасы ядро жана перифериядан турат. Алардын ар бири өзүнө тиешелүү белгилерди камтыйт. Концептти изилдөө методдорунда көрсөтүлгөндөй, адатта, концепттер борбор, башкача айтканда ядро жана жака-бел, башкача айтканда периферия аркылуу талдоого алынат. Периферия өз кезегинде жакынкы, алыскы жана четки жака-бел болуп бөлүнөт. Ядрого жана перифериянга топтолгон тилдик маалыматтар изоляцияланган мүнөзгө ээ эмес. Алар ядродон жакынкы жана алыскы перифериялларга өтүп, тилдик каражаттар эркин ассоциативдик талдоого алынат [13, 35-б.; 14, 148-б.].

Концепттин структурасын этап-этабы менен талдап, ядро жана перифериясын аныктоодо үлгү катары «көз» концептинин маанилерин карап көрөлү. «Көз» концептинде көз лексемасынын түшүндүрмө сөздүктөгү маанилерине таянуу менен алгач анын ядролук бөлүгүнө кирген тике, туунду жана өтмө маанилери белгиленет: 1) көз; 2) көз караш; 3) көрүү жөндөмдүүлүгү; 4) таш; 5) кандайдыр бир нерсенин тешиги; 6) бир нерсенин башталышы; 7) кездеменин чекелеринин кыйгачтыгы; 8) көз тийүү; 9) көз көргөн; 10) көз болуу ж.б.

Бул маанилер концепттин борбордук катмарын түзөт жана алар кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрүндө кеңири берилет. Маселен, көз — адамдын жана жан-жаныбарлардын көрүү функциясын аткарган мүчөсү; көз караш — бирөөгө кароо манерасы же белгилүү бир маселеге карата мамиле; көрүү жөндөмдүүлүгү — көрүү мүмкүнчүлүгү, мисалы: көзү сокур, жаман көзү менен кароо ж.б.; таш — шакектин, сөйкөнүн көзү; кандайдыр бир нерсенин тешиги — терезенин көзү, ийненин көзү ж.б.; кездеменин кыйгачтыгы — кездеменин көзү; суктануу же терс энергетикалык таасир — көз тийүү; көз көргөн — бир нерсенин өзү, алмаштырылбаган түрү; көз болуу — сыртынан көзөмөлдөө, карап туруу [13].

«Көз» концептин талдоодо туруктуу жана эркин сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн, паремиялардын курамындагы компоненттердин семантикалык маанилерине ылайык, лексика-семантикалык варианттарда берилген түз жана өтмө маанилери аркылуу ар түрдүү стилдик жана контексттик өңүттө колдонулуп, жеке, жамааттык жана улуттук аң-сезимдин, дүйнө таанымдын чегиндеги көптөгөн маалыматтарды камтыйт. Ошондуктан концепт катары чечмелөөдө анын перифериялык бөлүгүнө да талдоо жүргүзүүгө болот. Маселен, «көз» концепти кыргыздардын дүйнө таанымында жарык дүйнөнүн, тирүүлүктүн, өмүрдүн, тирүүчүлүк менен коштошуунун символу катары «дүйнө», «тирүүлүк», «жашоо», «өлүм» ж.б. түшүнүктөрдү туюндурууда, адамдын өзүн, жүрүм-турумун, тажрыйбасын жана иш-аракетин чагылдырууда кеңири колдонулат. Ал терең философиялык мааниге ээ, көптөгөн билимдерди камтыган мазмундуу түшүнүк болуп эсептелет. Концептти талдоодо улуттук аң-сезимди жана дүйнө таанымды чагылдырган тилдик каражаттарга өзгөчө басым жасалат. Маселен, билимдерди калыптандырууда «көз» сөзү катышкан тилдик каражаттар төмөнкүдөй кырдаал-шарттарда колдонулат:

Көз – биринчиден, дүйнөгө келүү, жарыкчылыкка келүү, төрөлүү маанисин билдирсе, экинчиден, бойдон бошонуу, төрөө, бала төрөп алуу, балалуу болуу маанилеринде «көз жаруу», «көз ачуу», «көз ачып көрүү», «көз ачкандан бери» фразеологизмдеринин компоненти катары колдонулуп, лексика-семантикалык жактан бир бүтүн бирдикке айланган, образдуу мааниге ээ тилдик каражат катары баланын төрөлүшүнө, аялга, дегеле адамга карата кеңири колдонулат [15].

Адамдын өзүн атоодо колдонулат: көзү тирүү (бул дүйнөдө бар), көзү бар, эски көздөр, жаңы көздөр, «көзү жоктун өзү жок»; «Көзү мындай болору менен ал жылт коюп жөнөйт». Ошондой эле көз ата-энеге тиешелүү жалгыз баланы туюндурган символ катары да колдонулат: «көрөр көзүм».

Адамдын көзүнүн касиеттерин, белгилерин, сулуулукту жана көркту туюндуруучу символ катары колдонулат: ичке көз, чоң көз, тосток көз, бото көз, көк көз, карагат көз, мөлтүр көз, жалжал көз, бакырак көз, жайдары көз, нур чачкан көз, жагымдуу көз, курч көз, тик көз, өткүр көз ж.б.; суук көз, жылаан көз, заары чыккан көз, чаар көз, чекир көз, тикирең (тике) көз, алдамчы көз, мокок көз ж.б.

Жарыкчылык, жашоо, тирүүчүлүк маанилерин туюндурууда колдонулат: көзү тирүүсүндө, көрөр күнү, күндүн көзү, айдын көзү ж.б.; Көзү тирүүсүндө баласына калтырып кеткен. Көрөр күнү, ичер суусу түгөндү (Оозеки кеп).

Жарыкчылык, өмүр, тирүүлүк менен коштошуу маанисин берүүдө колдонулат: «көз жумуу», «көзү өтүү», «ары карап кетүү», «көзү ачык кетүү» (эч нерсени көрбөй, жаш өлүү) фразеологизмдери «өлдү» деген маанини билдирип, «өлүм» концептине ылайык колдонулат.

Жерди, орунду, жаратылыштын кооздугун туюндурууда колдонулат: көз көргүс, кулак уккус (киши жашабаган, киши көрбөгөн алыс жер), көз айныган (көз тайгылган, көз жетпеген), көз жеткис (өтө алыс, учу-кыйры жок, абдан узак) ж.б.

Акылды туюндурууда колдонулат: көзү ачык, көзү жетүү, көзү тирүү – билими терең, акылдуу, көптү билген, ойчул, тың, чыйрак, ар нерсеге жөндөмдүү ж.б. кошумча маанилерин билдирет.

Талант, шык, жөндөм маанилерин туюндурууда колдонулат: «булактын көзүн ачуу» – өнөрү, билими, таланты бар адамга жол көрсөтүп, талантын ачууга көмөк көрсөтүү, устаттык кылуу маанилерин туюндурат.

Маалыматты алуу, жеткирүү, байкоо жана баалоодо колдонулат: баш-көз болуу, көз салуу – кандайдыр бир адамга сыртынан байкоо жүргүзүү, кароо, ар кандай нерселерден сактоо, кайтаруу, иштин башында туруу, жетекчилик кылуу; көз караш – маалыматка карата өзүнүн оюн, жеке пикирин билдирүү маанилерин туюндурат.

Ошондой эле адамдагы сапаттарды, алардын ортосундагы мамилелерди туюндурууда оң жана терс маанилерде колдонулат. Маселен, көздүн ар кандай кыймылга, өзгөрүүлөргө ээ болушу аркылуу эр жүрөктүүлүктү, өткүрлүктү, баатырдыкты, чечкиндүүлүктү, чынчылдыкты, мээримдүүлүктү, коркоктукту, алсыздыкты, жалгандыкты, уялгандыкты ж.б. көөптөгөн маанилерди кезиктирүүгө болот.

Жакшы көрүү, жактыруу, сүйүүнүн символу катары колдонулат: көзү өтүү, көзү түшүү, көзү артылуу, тигиле кароо, көз албоо, жоодурап кароо, жалдырап кароо, кадала кароо, көзүнүн кыйыгы менен кароо, байкатпай кароо – кызыгуу, жакшы көрүү, көпкө чейин кароо, жактырып калуу, ичи эзилүү, суктануу, куса болуу, сагынуу ж.б. оң маанилерин билдирет.

Ичи тардыктын символу катары колдонулат: көзү тийүү, көзү өтүү, көзүнүн кыйыгы менен кароо, суук көздөр, жаман көздөр – бирөөнүн ийгилигине, жакшылыгына өтө суктануу, сугун артуу, ич күйдүлүк кылуу маанилеринде (терс мааниде) колдонулат.

Калп айтуунун, алдамчылыктын, шек саноонун символу катары колдонулат: кимдир бирөөгө же кайсы бир чөйрөгө көрүнүп коюу, өзүн-өзү алдоо, алдамчылык маанилерин билдирет. «Көз көрсөтүп коюп, ишке тийди-качты болуп жүргөндөр аз эмес» деген сыяктуу туюнтмалар ушул мааниде колдонулат. «Бир көзү бир көзүнө жоо» же «Бир көзү экинчи көзүнө жоо» деген туюнтмалар өтө жакын адамдан да күтүлбөгөн нерсе чыгышы мүмкүн экенин, бирөөгө ишенүү кыйын экендигин билдирип, ишенбөөчүлүк жана шек саноочулук маанисинде колдонулат. Булар «көз» концептинин жакынкы перифериялык маанилерине кирип, жалпы улуттук дүйнө таанымдын чегиндеги билимдерди туюндурат.

Ал эми концепттин интерпретациялык талаасын аныктоочу кийинки перифериялык бөлүгүндө адамдын терс сапаттарын баалоодо төмөндөгүдөй макалдар колдонулат: «Сыйлаганды билбеген – сыйпалаган көр сокур» – акылы аздык, баамдаганды билбегендик, ар кандай кырдаалдарды көрө албагандык, жакшылыкты баалай албастык, жакшы менен жаманды ажырата билбегендик ж.б. маанилерди билдирет. «Ыйлагандын көзү жаман, айткандын оозу жаман» (макал) – сөз көтөрүмү жок, сынды кабыл ала албаган, чычалаак, жеңил ойлуу, алсыз адамдарга карата айтылат. «Көзүң аккыр» (каргыш сөз) – а) болгон күчүн ыйдан чыгаргандык, сөзгө түшүнбөгөндүк, обу жоктук; б) байкабастык, баамдабастык, белгилүү бир шартка жараша билбестик, жаңылыштык кетирүү ж.б. маанилерди билдирип, адамдардын ортосундагы баарлашууда терс эмоцияны билдирүүдө колдонулат.

Эмгекти баалоонун символу катары **«көз»** сөзү **«кол»** сөзү менен айкашып, антонимдик мааниде колдонулат: «Көз коркок, кол баатыр» (макал). Анын биринчи компоненти аткарыла элек иш өтө татаал, аткарууга мүмкүн болбогондой элес калтырган, иштин аткарылышына күмөн туудурган ж.б. маанилерди туюндуруп, «коркоктук», «чечкинсиздик», «алсыздык», «кооптонуу» ж.б. түшүнүктөрдү камтыйт. Ал эми «кол баатыр» туюнтмасы «чечкиндүүлүк», «шерденүү», «талбай эмгектенүү», «күчтүүлүк», «сабырдуулук» ж.б. лексемалардын маанилерин камтып, ишти аткаруунун өзү сөзсүз натыйжа берери, жакшы жыйынтык болору сыяктуу подтексттик маалыматтарды билдирет.

Суунун чыккан жери – булактын көзү. «Булак көрсөң, көзүн ач» (макал): 1) булактан чыгып жаткан суунун чеке-белин тазалап, кеңейтүү жана агын сууну арыкка буруу; 2) таланты, өнөрү, билими бар адамга жол көрсөтүп, талантын ачыкка чыгаруу ж.б.

Кыргыз элинин каада-салты, үрп-адаты, элдик оозеки чыгармачылыгы ж.б. боюнча билимдерди камтыган маалыматтар да талдоого тартылып, «көз» түшүнүгүнө байланышкан жалпы билимдер талданат. Маселен, кыргыз элинин «көз» лексемасына байланыштуу маданий архетиптери бар (архетип — жеке аң-сезимде жашоо менен бирге маданиятта да сакталган, туруктуу, адатка айланган жалпыланган образ, түшүнүк).

Адамдагы жакшы сапаттарды, иш-аракеттердин туруктуулугун, этикалык-эстетикалык (ички жана сырткы) сулуулукту сактоо, аярлоо, ошондой эле мал-жандыктарга жана жаратылышка аяр мамиле жасоо максатында элдик тыюулар жаралып, аларды бекем карманышкан. Маселен, жакшы иштер жасалып жаткан учурда же жаңы төрөлгөн балага, чырайлуу кыз-келиндерге карата «көз тийбесин» деген ишеним менен аларды элге ачык көрсөтүшкөн эмес. Көз тийүүнүн артында кырсык, оору, жоготуу, өлүм ж.б. коркунучтар турат деген ишеним болгон.

Маселен, балага көз тийгенде кыргыздар атайын ырым-жырымдарды колдонушкан. Үйгө келген кишинин кийиминен же көйнөгүнөн билдирбей кесип алып, аны балага жыттатуу ырымын жасашкан.

«Көз көрсөтүү» — каза болгон адамдын жакындарына, үй-бүлөсүнө, тууган-туушкандарына барып, кайрат айтып, көңүл айтуу деген маанини билдирип, кыргыз элинин салтына кирет. Мындай учурда эркектер баш кийим кийип, аялдар менен кыз-келиндер жоолук салынып барышат. Салт боюнча баш кийимсиз баруу уят катары эсептелип, өзүн-өзү сыйлабастыктын, каза болгон адамды жана анын жакындарын сыйлабастыктын белгиси катары түшүндүрүлөт.

«Көзү тартуу» — кыргыздардын ишенимдеринин бири. Маселен, оң көз тарткан учурда жакшылык, сүйүнүч, кубаныч тартуулаган окуя болот, ал эми сол көз тартса, жаман кабар келет деген ишеним кеңири тараган.

«Көзгө тирсек чыгуу» түшүнүгүнө байланыштуу тез айыгып кетет деген ишеним менен кызыл жипти колго байлоо ырымы колдонулат. Ошондой эле адам каза болгондо анын көзүн ачык калтырбастан, дароо жумдуруп коюу салттык стереотип катары эсептелет.

Кыргыздардын дүйнө таанымында «көз» түшүнүгүнө байланышкан дагы башка көптөгөн каада-салттарды, ырым-жырымдарды жана адат-жөрөлгөлөрдү кездештирүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, концептти талдоодо ал жөнүндөгү билимдерди иштеп чыгуунун белгилүү бир чегин аныктоого мүмкүн эмес. Аны изилдөөдө улуттук баалуулуктарга тиешелүү бай материалдарды колдонуу автордук жөндөмдүүлүккө, автордук билимге байланыштуу болору эске алынышы керек.

«Көз» концептине анализ жүргүзүүдө семантикалык-когнитивдик метод бир нече этап аркылуу жүргүзүлдү. Изилдөөдө концептуалдык талдоонун илимде такталган алгоритми төмөндөгүдөй берилди. Маселен, «көз» концептин репрезентациялоонун биринчи этабында концепттин түз номинациялары, ядролук бөлүгү тилдик каражаттар аркылуу сыпатталды. Кийинки этаптарында перифериялык бөлүктөрү семантикалык топторго (когнитемаларга) ажыратылып, алыскы, четки перифериялык бөлүгү, интерпретациялык талаалары кеңейтилип, комплекстүү өңүттө анализге алынды.

Бирок «көз» концепти тууралуу билимдерди улантып, кеңири талдоо дагы алдыдагы изилдөөлөрдү талап кыларын белгилеп кетмекчибиз.

Колдонулган адабияттар

1. Далабаева, Г. М. Ценностные концепты и способы их экспликации в языковой картине мира : дис. ... канд. филол. наук. – Алматы, 2006. – 148 с.
2. Ляпин, С. Х. Концептология: к становлению подхода // Концепты. – Архангельск, 1997. – Вып. 1. – С. 11–35.
3. Комлев, Н. Г. Компоненты содержательной структуры слова. – М. : МГУ, 1969. – 192 с.
4. Кубрякова, Е. С. Об одном фрагменте концептуального анализа слова «память» / Е. С. Кубрякова // Логический анализ языка: Культурные концепты / под ред. Н. Д. Арутюновой. – М., 1991. – С. 85–91.

5. Лихачёв, Д. С. Русская словесность // Русская словесность: От теории словесности к структуре текста : антология / под ред. В. П. Нерознака. – М., 1997. – С. 287–294.
6. Абдразакова, Г. Ш. Концепт жана аны окутуунун айрым маселелери : окуу-методикалык курал. – Бишкек, 2018. – 96 б.
7. Телия, В. Н. Русская фразеология: семантический, прагматический и лингвокультурологический аспекты. – М. : Языки русской культуры, 1996. – 288 с.
8. Логический анализ языка: Культурные концепты / отв. ред. Н. Д. Арутюнова. – М. : Наука, 1991. – 203 с.
9. Пименова, М. В. Душа и дух: особенности концептуализации. – Кемерово : КемГУ, 2004. – 385 с.
10.Lyons, J. Language and Linguistics. – Cambridge : Cambridge University Press, 1997. – 356 p.
11.Тильман, Ю. Д. Культурные концепты в языковой картине мира: Поэзия Ф. И. Тютчева : дис. ... канд. филол. наук : 10.02.19. – М., 1999. – 232 с.
12.Павиленис, Р. И. Язык. Смысл. Понимание // Язык. Наука. Философия: логико-методологический и семиотический анализ. – Вильнюс, 1986. – С. 240–263.
13.Попова, З. Д. Понятие «концепт» в лингвистических исследованиях / З. Д. Попова, И. С. Стернин. – Воронеж : Воронежский государственный университет, 1999. – 35 с.
14.Попова, З. Д. Из истории когнитивного анализа в языке / З. Д. Попова, И. С. Стернин // Методология когнитивных исследований. – Воронеж : [б. и.], 2001. – 148 с.
15.Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек : Аврасия Пресс, 2015. – 2-бөлүк. – 800 б.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Каратаева С.К.

УДК:82:80/81(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-49-53

Абдылдаева Ш.У.
Кыргызстан эл аралык университети
Абдылдаева Ш.У.
Международный университет Кыргызстана
Abdyldaeva Sh.U.
International University of Kyrgyzstan

КӨРКӨМ ТЕКСТТИН СТИЛДИК АЙРЫМ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
НЕКОТОРЫЕ СТИЛИСТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ТЕКСТА
SOME STYLISTIC FEATURES OF THE LITERARY TEXT

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада көркөм тексттин табияты, анын структуралык, функционалдык жана эстетикалык өзгөчөлүктөрү, аталган маселе боюнча окумуштуулардын ой-пикирлери, көркөм тексттеги тилдик каражаттардын көп маанилүүлүгү, көп катмарлуулугу жана ар тараптуу эстетикалык кызматы, жазуучунун индивидуалдуу дүйнө таанымы, дүйнөнү көркөм чагылдыруу өзгөчөлүгү жана көркөм ой жүгүртүү дарамети тууралуу маселелер конкреттүү көркөм-поэтикалык тексттин мисалында талдоого алынып, көркөм тексттин стилистикалык табияты илимий негизде аныкталып берилди.

Аннотация: В статье рассматривается природа художественного текста, его структурные, функциональные и эстетические характеристики, а также взгляды учёных на данную проблему. Анализируются многозначность, многослойность и разносторонняя эстетическая функция языковых средств в художественном тексте, индивидуальное мировоззрение писателя, особенности художественного изображения действительности и особенности художественного мышления. На